| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ ОБЛУСУ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**ЖЕТИ-ӨГҮЗ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН XXVIII - ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН II- СЕССИЯСЫНЫН**

# № 8 ТОКТОМУ

**2024-жылдын 29-марты** **Жети-Өгүз айылы**

**Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Жети-Өгүз,Ырдык,Липенка жайыт пайдалануучулар бирикмелеринин Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн айылдарында мал багуунун бааларын бекитүү жөнүндө.**

Жети-Өгүз айыл өкмөтүнө караштуу Жети-Өгүз,Ырдык,Липенка жайыт пайдалануучулар бирикмелеринин Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн айылдарында мал багуунун бааларын бекитүү боюнча Жети-Өгүз жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын II- кезектүү сессиясы токтом кылат:

1. Жети-Өгүз айыл өкмөтүнө караштуу Жети-Өгүз,Ырдык,Липенка жайыт пайдалануучулар бирикмелеринин 2024-жылга карата мал багуунун ,коруктун баалары төмөнкүдөй бекитилсин:

1.Жети-Өгүз жайыт пайдалануучулар бирикмеси
-Кой,эчки бир башка 150 сомдон малчынын эмгек акысына, ал эми жайыт акысына 3 сом 85 тыйындан, жайыт акысына 24 сомдон (6 айга )ар бир башына.
-Уй-торпок, музоо, жылкыга бир башка- 550 сомдон малчынын эмгек акысына, ал эми жайыт акысына -13 сом 33 тыйындан, жайыт акысына 80 сомдон (6 айга) ар бир башына
-Кулундуу-бээге –600 сомдон кулуну бээси менен малчынын эмгек акысына ал эми жайыт акысына 13 сом 33 тыйындан ар бир башка, жайыт акысына 80 сомдон ( 6 айга ) ар бир башына
2. Ырдык жайыт пайдалануучулар бирикмеси
-Кой,эчки бир башка 150 сомдон малчынын эмгек акысына, ал эми жайыт акысына 5 сом жайыт акысына 30 сомдон (6 айга )ар бир башына.

**-Уй-торпок, музоо, жылкыга бир башка-** 550 сомдон малчынын эмгек акысына, ал эми жайыт акысына -16 сом 66 тыйындан, жайыт акысына 80 сомдон (6 айга) ар бир башына

**-Кулундуу-бээге** –600 сомдон кулуну бээси менен малчынын эмгек акысына ал эми жайыт акысына 15 сом ар бир башка, жайыт акысына 80 сомдон ( 6 айга ) ар бир башына

**3. Липенка жайыт пайдалануучулар бирикмеси**

**-Кой,эчки бир башка** 150 сомдон малчынын эмгек акысына, ал эми жайыт акысына 3 сом 85 тыйындан, жайыт акысына 24 сомдон (6 айга )ар бир башына.

**-Уй-торпок, музоо, жылкыга бир башка-** 600 сомдон малчынын эмгек акысына, ал эми жайыт акысына -13 сом 33 тыйындан, жайыт акысына 80 сомдон (6 айга) ар бир башына

**-Кулундуу-бээге** –600 сомдон кулунду бээси менен малчынын эмгек акысына ал эми жайыт акысына 13 сом 33 тыйындан ар бир башка, жайыт акысына 80

**4.Жайыт комитетинин мыйзамына баш ийбеген , элдин эгинин, картошкасын жедирип тебелеп, жайлоого көчпөгөн малчыларга төмөндөгүдөй айып пул салынсын:**

--Кой-эчкиге-бир башка -150 сомдон.

---Бодо малга, жылкыга – бир башка-1000 сомдон

---Сыртка көчпөгөн малчыларга -20000 (жыйырма миң )сомдон

**5.Мал багуучулар 1-октябрга чейин тоодон малын түшүрүп кеткендерге элдин дыйкан чарбасына эгин картошкасына киргизсе, ар бир малына** кой эчкиге бир башка 500 сомдон ,ал эми бодо малга 1000 сомдон штраф бекитилсин.

6.Жогорудагы акча каражаттарынын мыйзам чегинде туура колдонулушу жана өз убагында чогултуу боюнча жергиликтүү кеңештин финансы-бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Белековго жана жер ,айыл чарба жана курулуш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Иманбековго милдеттендирилсин.

7.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Ургаипов**